**«БЕКИТЕМИН»**
НМУнун Окумуштуулар
кеңешинин төрагасы, ректор,
профессор
__________ Омуралиева Д.К.
«_26_» ___май___ 2016-жыл.

**С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин жогорку билим берүү программаларына орто жана жогорку кесиптик билими бар адамдарды кабыл алуунун**
**ТАРТИБИ**

1. Бул Тартип С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин (мындан ары – НМУ) жогорку билим берүү программаларына орто жана жогорку кесиптик билим жөнүндөгү мамлекеттик үлгүдөгү диплом менен тапшырган адамдарды кабыл алуунун эрежелерин жөнгө салат.

2. Бул Тартип КРнын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына (22-б.) жана КР Өкмөтүнүн 19-июнь, 2014-жылдагы №429 токтому менен бекитилген «КР жогорку окуу жайларына кабыл алуунун тартибине» (1.5.; 2.7. пункттары) ылайык иштелип чыкты.

3. Орто жана жогорку кесиптик билими бар адамдар болуп Кыргыз Республикасынын билим берүү мекемелеринин тиешелүү деңгээлдеги билим жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү дипломуна ээ болгон жана чет өлкөлөрдүн окуу жайларын аяктап, КР Билим берүү жана илим министрлиги (мындан ары – ББИМ) тарабынан билиминин мазмундук деңгээли орто же жогорку кесиптик билимге туура келери жөнүндө маалымдама алган КР жарандары жана чет өлкөлөрдүн жарандары эсептелет.

4. Каалаган адистиктин биринчиден кийинки курстарына бүтпөгөн жогорку кесиптик билим жөнүндө аныкталган үлгүдөгү академиялык маалымкаты же ар түрдүү баскычтагы жогорку кесиптик билим жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү дипломy болгон адамдар кабыл алынат. Тиешелүү адистиктердин биринчиден кийинки курстарына тиешелүү профиль боюнча орто кесиптик билим жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү дипломy бар адамдар кабыл алынат. Орто кесиптик билимдин адистиктеринин тизмеси жана аларга профили боюнча туура келген жогорку кесиптик билимдин багыттарынын, адистиктеринин тизмеси КР ББИМ тарабынан бекитилет.

5. Экинчи жана андан кийинки курстарга кабыл алуу учурунда кирүү сынактарын уюштуруу жана өткөрүү үчүн НМУнун ректорунун буйругу менен НМУнун Административдик комиссиясы түзүлөт. Административдик комиссия өз ишмердигинде НМУнун Окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилген тиешелүү жобону жетекчиликке алат. Административдик комиссиянын курамы НМУнун ректору тарабынан жыл сайын бекитилет.

6. Орто жана жогорку кесиптик билими же академиялык маалымкаты бар адамдар НМУнун жетекчилиги тарабынан аныкталган мөөнөттөрдө НМУнун

кабыл алуу комиссиясына документтерин тапшырышат. Документтерге окуу курсун аныктап берүү өтүнүчү камтылган абитуриенттин НМУнун Административдик комиссиясына арызы тиркелет. НМУнун кабыл алуу комиссиясы орто кесиптик билими бар абитуриенттердин документтерин кабыл алуу учурунда профилдин туура келишин КР ББИМдин 14-июль, 2009-жылдагы №766/1 буйругу менен бекитилген «Адистиктердин тизмесине» ылайык аныктайт.

7. Административдик комиссия орто же жогорку кесиптик билим менен тапшырган абитуриенттин академиялык айырмасын жана окуу курсун аныктайт. Абитуриенттин окуу курсун аныктоо жөнүндө чечим Административдик комиссиянын протоколуна катталат. Административдик комиссиянын чечиминин негизинде окуу курстары көрсөтүлүп, кабыл алууга сунушталган абитуриенттердин тизмеси маалыматтык тактага илинет.

8. Сунушталган окуу курстарына макул болгон абитуриенттер аныкталган тартипте аттестациялык сынактарды тапшырышат. Сунушталган окуу курстарына макул болбогон абитуриенттер дисциплиналардын айырмасын кошумча түрдө карап чыгууну өтүнүүгө же окуудан баш тартууга укуктуу. Окуудан баш тарткан учурда абитуриент кабыл алуу комиссиясына документтерин кайтарып алуу жөнүндө арыз менен кайрылат.

9. Окуу курсу аныкталгандан кийин, НМУнун жетекчилиги тарабынан аныкталган мөөнөттө, аттестациялык сынактар жүргүзүлөт. Аттестациялык сынактардын мазмуну жана формасы Административдик комиссия жөнүндө жободо аныкталат.

10. НМУнун алдындагы орто кесиптик билим берүү мекемелеринин (НМУнун колледжеринин) бүтүрүүчүлөрү, НМУнун ичиндеги окутуунун макулдашылган саясатынын, окуу пландарынын жакындыгынын негизинде, аттестациялыук сынактардан бошотулат. Бул учурда аттестациялык сынактардын баалоо ведомостторуна дипломдун тиркемесинде же академиялык маалымкатта (жетишүү табелинде) көрсөтүлгөн тиешелүү предметтер боюнча мамлекеттик же жыйынтыктоочу экзамендерде алган баалары коюлат. Абитуриенттердин өздүк көктөмөлөрүнө аныкталган формадагы аттестациялык комиссиянын мүчөлөрүнүн колдору коюлган бааларды кайра коюу жөнүндө маалымкат тиркелет (маалымкаттын үлгүсү 1-тиркемеде берилди).

11. Аттестациялык сынактардын жыйынтыгынын жана НМУнун Административдик комиссиясынын сунушунун негизинде НМУнун ректору тиешелүү адистикке (багытка, даярдоо профилине) жана тиешелүү окуу курсуна кабыл алуу жөнүндө буйрук чыгарат.

**1-тиркеме.**

**Аттестациялык сыноолордун баасын аныктоо жөнүндө**
**№______ МААЛЫМДАМА**

«_____» __________________ 201___-жыл.

НМУнун алдындагы ____________________________________________
колледждин бүтүрүүчүсү ____________________________________________
НМУнун окумуштуулар кеңешинин «_____» ________________ 2014-жылдагы №_____ протоколу менен бекитилген «Орто жана жогорку кесиптик билими бар адамдарды НМУнун жогорку билим берүү программаларына кабыл алуунун Тартибинин» 10-пунктунун негизинде НМУнун ______________________ адистиги боюнча жогорку кесиптик билим берүү программасына кабыл алуу учурундагы аттестациялык сыноолордон бошотулду.

Аталган Тартипке ылайык, абитуриенттин дипломунун тиркемесинин / жетишүү табелинин (керектүүсүнүн алды сызылат) негизинде аттестациялык сыноолорго төмөнкү баалар кайра коюлду (перезачет кылынды):

1. ______________________________ ______________________
(предметтин аталышы) (коюлган баа)

2. ______________________________ ______________________
(предметтин аталышы) (коюлган баа)

Аттестациялык комиссиянын төрагасы: ___________ ________________
(колу) (аты-жөнү)

**Аттестациялык сыноолордун баасын аныктоо жөнүндө**
**№______ МААЛЫМДАМА**

«_____» __________________ 201___-жыл.

НМУнун алдындагы ____________________________________________
колледждин бүтүрүүчүсү ____________________________________________
НМУнун окумуштуулар кеңешинин «_____» ________________ 2014-жылдагы №_____ протоколу менен бекитилген «Орто жана жогорку кесиптик билими бар адамдарды НМУнун жогорку билим берүү программаларына кабыл алуунун Тартибинин» 10-пунктунун негизинде НМУнун ______________________ адистиги боюнча жогорку кесиптик билим берүү программасына кабыл алуу учурундагы аттестациялык сыноолордон бошотулду.

Аталган Тартипке ылайык, абитуриенттин дипломунун тиркемесинин / жетишүү табелинин (керектүүсүнүн алды сызылат) негизинде аттестациялык сыноолорго төмөнкү баалар кайра коюлду (перезачет кылынды):

1. ______________________________ ______________________
(предметтин аталышы) (коюлган баа)

2. ______________________________ ______________________
(предметтин аталышы) (коюлган баа)

Аттестациялык комиссиянын төрагасы: ___________ ________________